Насирдин Кайназаров атындагы №16 орто мектебинде 14.02.2023 өтүлгөн жалпы ата-энелер чогулушунун

№ 3 ПРОТОКОЛУ

14.02.2023 Семиз-көл айылы

Төрагасы: Т.Айдаркулов

Катчысы: А.Токторбаева.

**Күн тартиби:**

1. Мектеп жетекчисинин докладдык каты жана жалпы ата-энелер менен окуучулар үчүн кезектеги иш-чара боюнча маалыматы
2. Окуу бөлүмүнүн башчысынын катышуу, жетишүү, кечигүү боюнча маалыматы
3. Соцпедагогдун кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча презентациясы
4. ТИУнун маалыматы.
5. Участкалык милиция, милициянын ага лейтенанты Алимбеков Муслимдин сөзү
6. Камкордук кеңешинин маалыматы
7. Мектеп формасы, тазалык маселелери.
8. Суроо-жооп, сунуштар, каалоо-тилектер

**Угулду:**

**1-маселе.** Чогулушту мектеп директору ачып, 2023-жылдын 29-ноябрынан башталган “Окуйбуз,жазабыз,эсептейбиз” долбоорду жыйынтыкталгандыгын айтып өттү. Долбоорго демөөрчүлүк кылган ата-энелерге мектеп жамаатынан ыраазычылык билдирип, ыраазычылык каттарды өз ээлерине тапшырды.

Ушул сыяктуу иш-чараларды улантуу максатында мектеп директору кезектеги жалпы ата-энелер жана окуучулар үчүн “Бирге китеп окуйбуз” үй бүлөлүк китеп окуу конкурсун жарыялады жана бул конкурс боюнча жобо менен ватсап группаларда маалымат бериле тургандыгын маалымдады.

Директор 2 айдын ичинде жасалган иштер тууралуу кенири токтолуп, берилген каражаттарга керектүү нерселерге жумшалып жаткандыгы боюнча толук маалымат берип өттү.

**2-маселе.**ОББнын башчысы Сулайманова Салтанат катышуу,жетишүү жана тазалык,форма боюнча маалыматында окуучуларда катышуу аябай начар болуп жатканын баса белгилеп,жамгыр,кар жааган күндөрдө ата-энелер

Сканировано с CamScanner

мектепке чейин алып келүүлөрүн айтты. Азыраак кар жаап,той болгондо эле окуучуларды мектептен алып кала беришин, баланы окууга катыштыруу ата-эненин милдети деп кошумчалады. Күн жылуу боло баштады формага көнүл бөлүнүшүн, ак көйнөк, кара шым, кыздарга кара юбка кийгизип жөнөтүшүн айтып өттү. Окуучулардын тазалыгын карап,таза кийинтүүсүн да баса белгилеп өз сөзүн жыйынтыктады.

**3 маселе.** Соц.педагог Токторбаева Айкөкүл 9-февраль Өзгөн райондук администрациясында чон масштабдагы "Кылмыштуулуктун алдын алуу жана зордук зомбулукту болтурбоо" аттуу иш чарадан маалымат берди. Маалыматта даракты эгип,мөмөсүн ачуу болсода,таттуу болсода ата-энелер өзүбүз жейбиз,бул менен соцпедагог эмнени айтаарын, ар бир балага кайдыгер карабай,тарбиясына көнүл бөлүү керектигин айтып өттү. Азыркы күндө кийим кече,материалдык муктаждыктарын гана камсыздап,тарбиясын унутта калтырып жаткандыгыбызды баса белгиледи.Андыктан коом аракет жасап, анын баласы, мунун баласы дебестен, көчөдө баратып деле акыл насаатыбызды айтканча жүрөлү деп кайрылып кетти. Кылмыштуулуктун алдын алуу баарыбыздын колубузда экендигин баса белгилеп сөзүн жыйынтыктады.

**4 маселе.**ТИУ Абдусаттар кызы Кенжегүл мектепте көптөгөн кызыктуу ары пайдалуу иш чаралар байма –бай өткөрүлүп жатканын жана тартип бузуулар катталбаганын айтты. "Жооптуу бол" конкурсу тууралуу түшүндүрмө берди.

**5-маселе.** Айылдык участкалык милициясы Алимбеков Муслим өзүн тааныштырып, элге кылмыштуулуктун алдын алып,зордук зомбулукту болтурбоо боюнча сөз сүйлөп,айыл элин ынтымакчылыкка чакырып, окуучуларды ар кандай улак,түнкү көчөгө чыгуусун көзөмөлгө алуусун айтып,окуучуларга түнкүсүн бейчеки көчөдө жүрүүсүнө бөгөт коюу максатында байма-бай рейд уюштурулуп тураарын эскертип өттү.

**6 маселе.** Камкорчулук кенештин торагасы Ибраимов Т. азыр кассада 21 мин сом бар экендиги боюнча маалымат берди. Быйылкы жылдын камкордук кеңешинин взносу топтоло электигин жана бир жума ичинде топтоп берүү иштерин колго алууну мүчөлөрүнө кайрылды. Камкорчулук кенештин эсебинен мектепке 2 проектор алып берүүнү айтышты.

**7-маселе.** ТИУсу Абдусаттар кызы Кенжегүл мектепте окуучуларга форма боюнча коюлган талаптарды белгилеп өттү жана окуучуларды ата-энелер талаптагыдай форма менен камсыз кылып жөнөтүшүн ата-энелерге түшүндүрдү. Ал эми окуучулардын тазалыгына өзгөчө көнүл бура турган меселе экендигин айтып, ата-энелерден балдарды тазалыкка үйрөтүүгө, өздөрүн тыкан алып жүрүүгө тарбиялоосун баса белгилеп өттү.

Сканировано с CamScanner

Жалпы ата-энелер чогулушу жогоруда каралган маселелердин негизинде төмөндөгүдөй

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ**

1.”Бирге китеп окуйбуз” китеп окуу конкурсу 2023-жылдын 15-февралынан 27-мартына чейин улансын жана 28-март күнү мектепте жыйынтыктоочу тест алынсын.

Китеп окуу конкурсун уюштуруу боюнча төмөндөгү курамда комиссия түзүлсүн.

- Комиссия төрагасы - Көлбаев Жаныш

- Комиссия мүчөсү – Момбекова Айдынкан

- Комиссия мүчөсү – Жоробаева Айнагул

- Комиссия мүчөсү – Маматов Кадыр

2. Окуучулардын мектепке кеч калтырбай жөнөтүү,сабактан себепсиз алып калбоо, окуучуларды таза жана тыкан кийинтип жөнөтүү жагы ата-энелерге милдеттендирилсин, ал эми бул иштин аткарылышын көзөмөлдөө жагы ТИУ Абдусаттар кызы Кенжегүлгө жүктөлсүн.

3. Окуучу балдарды кышкы мезгилде 21:00дөн кийин, жазгы мезгилдерде 22:00 дөн кийин көчөгө көзөмөлсүз чыгарбоо тууралуу ата-энелерге эскертилип, көзөмөлдөө жагы милдеттендирилди.

4. Окуучулардын майрамдык кечелерге, класстан тышкаркы иштерге даярдык көрүүсү мектепте, сабактан кийин гана жүргүзүлсүн.

5. Камкорчулук кенештин бир жылдык төлөмү ар бир үй бүлөгө 300 сом өлчөмүндө белгиленсин.

6. Камкордук кеңешинин фондунан мектептин материалдык техникалык базасын жакшыртуу максатында проекторго 2 даана экран алууга 12000 сом каражат бөлүнүп берилсин .

Ата-энелер чогулушунун

торагасы: Т.Айдаркулов.

Катчы: А.Токторбаева.

Сканировано с CamScanner